**НУРАЛИЕВА С.С.**
*И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университети*

**УДК . 410 + 371.3.**

# ОРУС ТИЛДҮҮ ОКУУЧУЛАРДЫН РЕЧИН КЫРГЫЗЧА КАЛЫПТАНДЫРУУ

Ар кандай адамдын эне тилинен башка, экинчи бир тилди үйрөнүшү ошол тилде сүйлөө муктаждыгынан келип чыгат. Демек, бөтөн тилди окутуу процессинде окуучунун ошол тилдеги речин калыптандыруу негизги максат болуп эсептелинет. Бөтөн тилди үйрөтүү ишинин бүткүл системасы да дал ушул максатка – окуучунун речин өстүрүү максатына баш иет. Ошондуктан бөтөн тилден сабак берүүчү мугалим үчүн речь жана анын табияты боюнча негизги түшүнүктөр эң зарыл; ал түшүнүктөр бөтөн тилди үйрөтүүчү мугалим өздөштүрүүгө тийиш болгон теориялык билим.

Бөтөн тилде речти өстүрүү, аны калыптандыруу өтө татаал, узакка созулган мугалимден методикалык кылдаттыкты, көп жактуу билим жана билгичтикти талап кылган татаал процесс. Речти өстүрүү кыйынчылыгы окутулуп жаткан тилдин окуучунун эне тили эмес экендиги менен гана эмес, дегеле адамдын речи өзү татаал кубулуш экендиги менен да шартталат. Речь көп жактуу жана татаал кубулуш катары нече илимдин үйрөнүү объектиси.

Психологиялык аспектиде алып караганда речь – адам ишмердүүлүгүнүн өзгөчө түрү. Психологду кызыктыруучу маселелер – речтин туулушу кабыл алынышы, эсте сакталышы, речти түшүнүү механизми. Психолог А.А.Леонтьев /I 20, 20/ «Все мы говорим в (обычной) обыденной жизни, мы говорим почему то (мотив) и зачем – то (цель)» - деп, белгилегендей психологдор иликтөөгө алган речтик проблема – кептин мотиви жана максаты. [3]

Ал эми психологиялык аспекдден алып караганда речь тилдик белгилердин, каражаттардын карым-катнаш жасоо үчүн колдонулушу жана анын натыйжасы. Эгерде: «тил адам баласынын байланыш катышынын куралы» (В.И.Ленин) болсо, речь «пикирлешүүнүн дал өзү» (В.М.Головин), башкача айтканда, тил пикирлешүүгө зарыл болгон курал жана каражат: ал эми речь – пикирлешүүгө керектүү каражаттардан тандалып алынып, практикада колдонулушу. Лингвисттердин кароолго алган проблемасы – пикирлешүүгө керектүү болгон тилдик каражаттар, структура, вербалдык жана вербалдык эмес белгилер.

Методикалык аспектдеги речтик проблема аны калыптандыруу жана өстүрүү. Речти өстүрүү процессии тилди үйрөнүп жаткан окуучунун ишмердүүлүгү менен аны окутуп жаткан мугалимдин ишмердүүлүгүнүн системасынан турат.

Натыйжада психологду речтин максаты менен мотиви кызыктырса, методистти анын методу бөтөнчө кызыктырат. Методисттин ишемрдүүлүгүнүн ядросун түзүүчү борбордук проблема – окуучунун речин кантип өстүрүү керек? Албетте, методист речтин психологиялык жана лингвистикалык табиятын терең билбей туруп, өз максатына жете албайт. Бирок бул речь методикалык иштин объектиси катары өз алдынчылыкка ээ эмес дегендикке жатпайт. Окуучунун речин өстүрүү методикасы өзүнүн таанып-билүү объектисине, предметине түшүнүктөрүнө, принциптерине ээ. Ошентсе да, методика кошулма илим катары мугалимден билимдердин категориясын талап кылат. Анткени речти өстүрүүнүн методикалык жагдайын бир жактуу жана тар түшүнүү мектеп практикасында жеңишсиз экендиги далилденди. Көп жылдар бою методикада окуучунун сүйлөө ишмердүүлүгүн речь деп түшүнүү, аны речтик өстүрүүнүн жеке объектиси катары кароо өкүм сүрүп, тил үйрөтүү процесси максатка ылайык ийгиликке жете алган жок. Көрсө речтин тиешелүү деңгээлге жетиши анын ички табиятын өздөштүрүүнү талап кылат экен. [1]

Жалпысынан речь ички жана тышкы түргө бөлүнөт.

1. Ички речь – пикирди кабыл алуу, угуу, түшүнүү, ойлонуу процессин камтыйт. Адамдагы ички речь өнүгө албайт.

2. Тышкы речь – окуучунун туура речтик реакцияга ээ болушун, речти маанисинде кабыл алышын, анын речь каратуу процессин ичине камтыйт.

Речь формасы боюнча оозеки жана жазуу болуп дагы эки түргө бөлүнөт.

Оозеки речь – пикирди угуу жана сүйлөө ишмердүүлүгүнө таянат.

Жазуу речи – бөтөн тилдин графикалык өзгөчөлүгүн өздөштүрүү менен чектелбейт. Бөтөн тилдеги жазуу речи ошол тилде жазуу формасында пикирге карата билүү процесси менен байланыштуу. Речтик ишмердүүлүк өзүнүн максаты боюнча экиге (айрым адабияттарда үчкө) бөлүнөт.

Монологдук речь – сүйлөөчүнүн маалымат берүү максатындагы пикири. Монолог белгилүү бир жыйынтыкталган пикирден турат. Ал жазуу же оозеки чыгарма формада болушу мүмкүн.

Диалогдук речь – жандуу пикирлешүүгө негизделген сүйлөшүүнүн бул түрү өзүнүн ситуациялуулугу менен айырмаланат.

Полилогдук речь – монолог менен диалогдун суммасынан турган сүйлөшүү сферасы. Методикада изилдөөнү талап кылат.

Речь өзүнүн колдонулуу чөйрөсүнө карата сүйлөшүү жана китептик илимий речь болуп бөлүнөрү белгилүү. Речтик ишмердүүлүккө ээ болуу билгичтиги жана көндүмү бири – бирине тыгыз байланышкан төрт түрдүү: угуу, сүйлөө, жазуу жана окууну камтыйт. Азыркы мезгилде окуучунун речин талапка ылайык өнүктүрүүнүн эң зарыл шарты да анын ушул төрт түрүн байланышта өстүрүү ишине түздөн-түз багынарына методисттер бөтөнчө, басым жасай башташты. Мындай тенденция адегенде экинчи тилди окутуунун чет элдик методикасында таанылды. Атап айтканда америкалык психологист В.Риверс дүйнөлүк масштабдагы популярдуу аудвольнгвалдык методдун кемчилиги катары речтик ишмердүүлүктүн төрт түрүнө бирдей мамиленин жасалбагандыгын белгилөө менен аталган методду катуу сындаган. Экинчи тилди талапкы ылайык өздөштүрүү үчүн речтик ишмердүүлүктүн төрт түрүн тең калыптандыруу зарылдыгы азыркы методикада кызуу иликтөөгө алынып жаткан проблема.

Окуучунун бөтөн тилдеги речин өнүктүрүү деген түшүнүк анын үйрөнүп жаткан экинчи тилде пикир алышуу мүмкүндүгүнө ээ болуу үчүн зарыл билимди өздөштүрүү, белгилүү речтик билгичтикке. Көндүмгө үйрөнүү процесстердин ичине камтыйт. Айрыкча бөтөн тилде окуучунун речтик билгичтикке ээ болушу татаал процесс. Окуучу бөтөн тил боюнча тиешелүү билимге ээ болуп туруп да, пикирлешүүгө чыга албай калышы да мүмкүн. Мындай учурда мугалим пайда болуу механизмдеги психологиялык жахдайды эске алууга тийиш. Психолингвистикада речтик процесс үз звонодон тураары белгилүү:

- оркинтациялык звено (речтин мотиви, речтик реакциянын пайда болушу);
- пландаштыруу звеносу (айтылуучу ойдун пайда болушу);
- коддоштуруу звеносу (нерв системада пландаштырылган ойду тилдик коддор аркылуу иш жүзүнө ашыруу демек сүйлөө);

Жогоруда көрсөтүлгөн речтик операциялар тез убакыттын ичинде аткарылууга тийиш болгондуктан окуучу үч звенонун ортосундагы байланышты камсыз кылууга жетише албай калат. Натыйжада окуучу өзүн психологиялык жактан ишенимсиз сезет да пикирлешүүдөн баш тартат. Бир гана мугалимдин методикалык билгичтиги менен чеберчилиги окуучуну мындай шарттан алып чыга алат. Бөтөн тилде окуучунун речин өстүрүү үчүн мугалим окутуу процессинде төмөнкү дидактикалык шартты түзө билүүсү зарыл.

Речтин жаралышын мотивдештирүү. Окуучуну сүйлөө муктаждыгына ээ кылуу.

– Сүйлөөгө ыңгайлуу, жагымдуу жагдай түзүү.

– Сүйлөө процессинде туура багыт берүү, сүйлөө предметинин так аныкталышы.

– Речтик эмоциялуулугун камсыз кылуу. Сүйлөө предмети окуучуну кайдыгер калтырбоого тийиш.

4. Реалдуу ситуацияны пайдалана билүү. Ситуация түзө билүү.

Жогоруда көрсөтүлгөндүн бар болгону речти жаратууга түзүлгөн шарт, речтин өзү эмес. Ал эми речти жаратуунун, аны өстүрүүнүн эки этабына тиешелүү өзгөчөлүктөрдү мугалим так ажырата билүүгө тийиш.

Жыйынтыктап айтканда, буга чейин белгилегендей окуучунун бөтөн тил жөнүндөгү алгачкы билим алуу максаты, ал тилде эркин пикир алышууга жетиши өтө татаал процесс экендигин белгилей кетишибиз керек.

I. Окуучуну речке даярдоо этабы. Илимий методикалык адабияттарда муну рецептикалык этап деп аташат. Бул этап бөтөн тилдеги речтик материалды кабыл алуудан, түшүнүүдөн, репродукциялоодон турат. Тактап айтканда, окуучу биринчи этапта төмөнкү таанып – билүү операцияларын аткарууга тийиш.

- бөтөн тилдин фонетикалык, лексикалык, грамматикалык өзгөчөлүктөрү боюнча тиешелүү билимди угат, көрөт, тааныйт, түшүнөт;
- речтик материалды мугалимдин артынан кайталайт, анын маанисин түшүнөт;
- имитациялык көнүгүүлөрдү аткарышат;
- өздөрүнө тааныш, белгилүү, типтүү кырдаалдарда речь жаратышат.

II. Окуучуну речтик көндүмгө ээ кылуу этабы.

Илимий методикалык адабияттарда бул этап продукциялык этап деп аталат. Экинчи этапта окуучу таанып – билүү операциясын эмес, речтик операцияларды өз алдынча аткара алат.

а) өз алдынча сүйлөм түзө алат;
б) өз билимин, билгичтигин, тааныш эмес кырдаалда колдоно алат;
в) ар кандай ситуацияда бөтөн тилдеги маалыматты түшүнө алат;
г) бөтөн тилде пикирлешүүгө эркин чыгат;

**Адабияттар:**

1. Охитина Л.Т. Психологические основы урока. М., 1977.
2. Пассов Е.И. Урок иностранного языка в средней школе. М., 1986.
3. Леонтьев В.Л. О речевой ситуации и принципы речевых действий. // Русский язык за рубежом. 1988 №2